УДК 37.9

Ажимаматова Үмүтай Сайдилдаевна, окутуучу,
Көлбаева Замира Исабаевна, окутуучу,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети,
E-mail: cool.umutay@mail.ru

ЭЛ УУЛУ - ЖУСУП АБДРАХМАНОВ

Бул макалада кыргыздын чыгаан уулу, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, акылман саясатчы Жусуп Абдрахмановдун басып өткөн өмүр жолу, саясий ишмердүүлүгү, мамлекетке жасаган ак эмгеги, тарыхый инсан катары тарых баракторынан алган орду баяндалат. Репрециялоо доорунда күнөөсүз ак жеринен жазага тартылган Ж.Абдрахмановдун саясий бейнесине саресеп салынат.

Ачкыч сөздөр: Монгол, кулак, хан, байизм, манап, кара кыргыз, кара калпак.

Ажимаматова Үмүтай Сайдилдаевна, преподаватель,
Көлбаева Замира Исабаевна, преподаватель,
Ошский государственный педагогический университет

СЫН НАРОДА - ДЖУСУП АБДРАХМАНОВ

В статье рассказывается о жизни великого сына киргизского народа, видного государственного деятеля, мудрого политика Джусупа Абдрахманова, его политической деятельности, как исторической личности. Рассмотрен политический имидж Джусупа Абдрахманова, несправедливо расстрелянного во время репрессий.

Ключевые слова: Монгол, кулак, хан, богатырь, манап, черный киргиз, черный колпак.

Ajimamatova Umutay Saidildaevna, lecturer,
Kolbaeva Zamira Isabaevna, lecturer,
Osh State Pedagogical University

SON OF THE PEOPLE JUSUP ABDRAKHMANOV

The article tells about the life of the great son of the Kyrgyz people, a prominent statesman, wise politician Jusup Abdrakhmanov and his political activities, the contribution of the state, a place on the pages of history as a historical personality. The political image of Jusup Abdramanov, who was unjustly shot during the repressions, will be revised.

Key words: Mongol, kulak, khan, bogatyr, manap, black Kirgiz, black cap.

Ар бир элдин өзүнүн сыймыктанган уул-кыздары бар. Өз доорунда мекени жана эли үчүн күйгөн чыгаан инсандар чыккан. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына салым кошкон залкар инсан катары Жусуп Абдрахмановду баса белгилеп айтсак болот. Мамлекет оңой менен түзүлгөн эмес. «Мамлекет-бул бийликтик саясий мекеме, өзүнүн башкаруу жана мажбурлоо аппаратына ээ, өзүнүн

территориясына укук-тартибин киргизет». Жогоруда айтылып кеткендей мамлекет болуш үчүн өзүнүн калкы жана аймагы болушу зарыл. Кыргыз тарыхына көз чаптырсак кыргыз эли өз мамлекеттүүлүгүн моңгол чапкынынан кийин, башкача айтканда 1207-жылы жоготкон. Бул жылдар аралыгында кыргыз эли бир канча мамлекеттин курамында, улут катары жашап келди. Бирок тилекке каршы өз алдынча мамлекеттүүлүгүн түзүү үчүн күрөш бир нече кылымдарды өз ичине камтыган. XX кылымдын башында кыргыз элинин мамлекеттүүлүгү түзүлүүсү үчүн бир канча эр азаматтарыбыз өз аракетин жумшап, Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүштү. Ошол мамлекеттүүлүктү түптөөчүлөрдүн бири катары Жусуп Абдрахмановду эсептесек болот.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөөчүсү, алгачкы кыргыз интеллигенциясынын эң көрүнүктүү өкүлү, саясий жана коомдук ишмер катары тарыхта өз изин калтырып кетти.

«Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советинини биринчи Председатели (1927—1933), РСФСР ВЦИКтин мүчөсү, СССР ЦИК Президиумунун мүчөлүгүнө кандидат, ВКП (б) БКнын Орто Азия бюросунун мүчөлүгүнө кандидат, эл тарыхын объективдүү изилдөөчү» [1].

Моңгол ханы Темучиндин чапкынан кийин тагыраагы 1207-жылы кыргыз мамлекетүүлүгү көз карандысыздыгын жоготту. 1924-жылы РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлүшү менен кыргыз элинин мамлекетүүлүгү башталды. Бул жылдар аралыгында кыргыз эли бир нече ирет көз карандысыздык үчүн күрөш жүргүзүп келди. Улуу Октябрь Социалисттик революциясынан кийин кыргыз эли башка элдер сыяктуу колониялык эзүүдөн кутулду. Оруссия империясынын курамында азыркы Кыргызстандын аймагы бир нече областтарга бөлүнүп, бирдиктүү мамлекет болгон эмес. Революциядан кийин кыргыз элинин өлкөсүн түзүүгө белгилүү инсандарыбыз аракет кылган. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө салым кошкон инсандар: Төрөкул Айтматов, Баялы Исакеев, Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдрахманов жана башкалар опол тоодой эмгек кылышкан.

«Жусуп Абдрахманов Кыргыз мамлекетин түптөгөндөрдүн башында болуп, аны түзүлүшүнө жана калыптанышына негиз салган. 1920-жылы ВЛКСМдын III съездине катышып, ошол жерде В.И. Ленин (Ульянов) менен президиумда отуруп, аны менен бирге иштешкен. 1924-жылга чейин Жети-Суу аймагында жооптуу партиялык-советтик кызматтарда иштеп турат» [1,2].

Жусуп Абдрахманов коомдук саясий жана партиялык ишмер. Кыргыз мамлекетинин түзүлүшүнө салым кошкон жана өнүгүп өсүүсүнө чоң кызмат кылган. Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүнүн негиздөөчү атасы деп аталат, анткени ал республиканын эгемендигине эбегейсиз салым кошкон.

1917-жылы 2 (15) ноябрдагы Россия элдеринин укуктарынын Декларациясында мындай деп айтылган:

1. Россиянын элдеринин тең укуктуулугу жана суверенитети.
2. Россиянын элдеринин өз тагдырын өзү эркин чечүүгө, кез каранды эмес мамлекет түзүлгөнгө чейин.
3. Бардык жана бардык улуттук жана улуттук-диний артыкчылыктарды жана чектөөлөрдү жокко чыгаруу.
4. Россиянын аймагында жашаган улуттук азчылыктардын жана этнографиялык топтордун эркин өнүгүүсү. [2,1]

Жусуп Абдрахманов Кыргызстанга союздук республика статусун берүү жөнүндө Сталинге эки жолу маселе көтөргөн. Андан кийин Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасы түзүлгөн.

Национальному организационному бюро было поручено осуществить национально-территориальное размежевание в Средней Азии. Его председателем с сентября 1924 года по 14 октября 1924 года был Абдрахманов Ж. [2,4].

1924-жылы заманбап Кыргызстандын чек араларын аныктаган. Элдин өз жашоосун өзү эркин аныктоо максатын ишке ашырууну көздөп, Жусуп Абдрахманов Абдыкерим Сыдыков, Ишенаалы Арабаев жана башкалар менен биргеликте 1920-жылдардын башында Түркстан республикасынын курамында Тоолуу облусту түзүү сунушун берген. Борбору Жалал-Абад болгон, Ысык-Көлдөн Арал деңизине чейин грандиоздуу Каракыргыз-Каракалпак автономиясын түзүү проектиси боюнча чыккан. Жусуп Абдрахмановдун аракетинин натыйжасында өлкөбүздүн билим берүү жана кадр саясаттында бир нече реформалар жүргүзүлдү. Ал кадрларды коюуда жогорку бийликтегилерге, адамдарды башка жактан алып келип койбостон,жергиликтүү эл менен тил табыша билгендерден коюну сунуш кылган. Кыргызстандын экономикалык жактан өнүгүүсүнө көп көңүл бурган. Бул аракетинин натыйжасында Кыргызстандын мал жана дыйкан чарбалары өнүккөн. Элдин сабатсыздыгын жоюуда көптөгөн аракеттерди кылды. Жумушчулардын баштапкы билим берүүнү дагы колго алган. Дипломатиялык мамилелердин чыңдалышына өзгөчө көңүл бурган.

Жеке жашыруун Урматтуу жолдош СТАЛИН. Менин катым менен сизди партия үчүн жана бүтүндөй Советтер Союзу үчүн ушунчалык баалуу жана кымбат убакытты тоноп кетем деп ишенип, мен дагы деле болсо сизге партиялык жана советтик иштин абалын чагылдыргым келген катты жазганга батынбадым. Бирок, РКПнын Кара-Киробкому тарабынан жүргүзүлгөн Кара-Кыргыз Автономиялык облусунун Аймактык Партиялык Конференциясынан кийин жүргүзүлгөн саясат мени партиянын мүчөсү катары жана экономикалык жана маданий жактан кызыкдар болгон Кара-Кыргыз катары чечүүгө аргасыз кылды. Регионду өнүгүшү, ушул катты жазыңыз. Суроонун ачык-айкын болушу үчүн, Кара-Киргиздин эмгекчи массасы өз аймагынын калыптанышына жетиши керек болгон кыйынчылыктарга жана тоскоолдуктарга токтолуу ашыкча болбойт деп ойлойм. [2,3].

Колхоздошуу башталганда чоңдордун каршылыгына карабастан кооперация идеясын көтөрүп, көчмөн калкты жапырт отурукташтырууга макул болбой, жергиликтүү шартты билбеген москвалык кызматкерлерди катуу сындап, кыргыз тилинин ролун жогорулатуу, улуттук кадрларды даярдоо жана кызматка коюу маселелерин ар дайым көтөргөн. Ал турсун Сталинге эки жолу кат жөнөтүп, Москванын туура эмес саясаттарын белгилеген.

Кыргызстанда Совет бийлигинин орношу бир топ кыйынчылыктар менен коштолду. Таптар ортосунда бир топ карама-каршылыктар болуп өттү. Бай-манап жана кулактар жаңы бийлик оронсо дагы, өз кызыкчылын коргоону көздөшкөн. Күндөлүгүндө жазып кеткендей негизги кемчилиги төмөнкү катарларда байизм-манапизмдин жана кулактардын кызыкчылыгына өз кызыкчылыктарын аң-сезимдүү каршы кое турган, уюшулган пролетардык база жок болгондугун да баса белгилеп кеткен. Жаңы бийлик орносо дагы элдин аярлуу катмары болгон кедей-кембагалдар бай-манаптардан коркуп турушкан. Алар өз кызыкчылыгын көздөп жакырларга мурдагыдай өз таасирлерин көрсөтүп турушкан. Жакыр жашаган дыйкандар колунда жок болгондуктан алар көбүн эсе колунда барларга көз каранды болгон. Кыргыз калкынын көпчүлүгүн түзгөн кедейлер жана дыйкан чарба кызматкерлери, алар толук бойдон кландык каада-салттарга көз карандылыгынан чыга электигин өз күндөлүгүндө баса белгилеп кеткен. Кыргыз эли байыртадан эле ата-бабаларынын каада-салт, үрп-адаттарын бекем карманып келген. Совет бийлигинин орношуна дагы бир элдин эски көз карашы дагы тоскоол болуп эсептелген. Советтик аппараттар эмгекчилердин кызыкчылыгын коргогондун ордуна, көпчүлүк учурда, алардын ата-бабаларынын таасирине кабылышкан. Айрым кландардын кызыкчылыгын коргоп, ошону менен

Совет бийлигинин органдарын эмгекчи массанын кызыкчылыгын коргогон органдан бир кландын экинчи кландык башкаруу органына айландырат. Жусуп Абдрахманов катында белгилеп кеткендей үй-бүлөлүк башкарууга жол ачкан. Бул жерде жеке бир адамдын же үй-бүлөнүн кызыкчылыгы корголуп жаткандыгын баса белгилеп кеткен.

Адабияттар:

1. **Абдрахманов, Ю.** Дневники (1916) Письма к Сталину. [Текст] // Ф.: Кыргызстан, 1991. С.-190-216.
2. Юридика аталгылары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. Илимий-маалымдама басылыш/АРД/Чекки долбоору, авторлор жамааты. – [Текст] // Б.: 2005, ISBN 9967-428-14-7
3. Кыргыз тарыхы: Энциклопедиялык окуу куралы. [Текст] // Бишкек, 2003
4. https://ru.m.wikipedia.org
5. http://hist.msu.ru
6. http://easttime.ru/countries/topics/2/4/34.html